# АЙТМАТОВ «ТООЛОР КУЛАГАНДА» (ТҮБӨЛҮК КОЛУКТУ) РОМАНЫНДАГЫ АДАМЗАТТЫК БААЛУУЛУКТАРДЫН КӨРКӨМ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

**ТЕКЕШОВА М.Б.**

*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*
**УДК:82.09 (575.2) (04)**

***Аннотация.*** *Макалада белгилүү жазуучу Ч.Айтматовдун "Тоолор кулаганда" (Түбөлүк колукту) романындагы адамзаттык баалуулуктар каралат. Баш каармандардын образдарынын негизинде талдоо жасалат. Баалуулуктардын адабият менен байланышы жана жалпы аныктамасы берилет. Маселенин бүгүнкү күн менен байланышына басым жасалат.*

***Урунтуу сөздөр:*** *Ч.Айтматов, адам, баалуулуктар, роман.*

***Аннотация.*** *Эта тема новая, ныне не исследуемая, интересна и тем, что очень близка по смыслу к духовным поискам писателя. Ведь писатель затрагивает во многих своих произведениях такие темы, как "смысл жизни и бытия", "Космос", "Человек и Вселенная", "Человек и Вера" и т.д. Невозможно не затрагивая тему человеческой ценности исследовать жизнь, способности и быт человека. И Айтматов лучшим образом доказал это в своих романах: "И дольше века длится день", "Плаха", "Тавро Кассандры" и особо выделяется его последний роман "Когда падают горы".*

***Ключевые слова:*** *Ч. Айтматов,человек, ценность, роман.*

***Abstract.*** *There is a new theme and interestingly enough nearly concerns writer's spiritual researches. As, you know in many compositions writer touches such subjects as "meaning of life and being", "space", "human and universe", "human and fate" e.t.c. It's impossible to research the human life and abilities without touching the problem of human values. And Ch. Aitmatov in best shape improves it in his novels: "The Day Lasts More Than a Hundred Years" "The Scaffold", "Cassandra's Brand" and particularly notable in his last novel "When The Mountains Fall"*

***Key words:*** *Ch.Aitmatov, human, values, novel.*

Бир ордунда турбай улам өнүгүп, өзгөрүп бара жаткан дүйнөдө адам баласынын«кристаллдашып» калган «баалуулуктар казынасы» бар. Ар доордо алар кандайча болгону менен адамзат жана анын жашоосу үчүн, жашоосунун маңызы үчүн мааниге ээ болгон, алардын түшүнүгүндө өз орду барасылдыктар боло келген, боло бермекчи. Баалуулук делген түшүнүктүн ичинде эмне камтылгандыгы, анын адамзат жашоосундагы ролу, катышы жөнүндө сөз айрыкча коом өз дөөлөттөрүн кайрадан карап чыгуу алдында турган чакта чоң мааниге ээ болоору талашсыз.

Адабий-философиялык контекстте баалуулуктардын табиятын аназароо даруу бүгүнкү күндүн талабы. Айрыкча, бир кылымга таяп жашаган Кеңеш өкмөтүнүн табыгыйда, жасалмада калыпташтырылып, отурукташтырыла баштаган белгилүү бир жашоо, өнүгүү нугунун кыйроого учурап, көз карандысыз өз алдынча мамлекет болуп түптөлгөн Кыргызстандын шарттарында жашоо өткөзүү бактысына ээ болгон да, аргасыз калганда коомчулук үчүн анын баалуулуктары, эми баягыдан башка болобу, же кандай болмокчу деген суроонун туулушу табыгый нерсе. Мына ушул сындуу суроолорго жооп берүү үчүн баалуулуктардын табиятын терең түшүнүп анын адабий көркөм процесстеги ролуна назар оодаруу актуалдуу экендиги белгилүү.

М. М. Розенталь тарабынан даярдалган философиялык сөздүктө «баалуулуктарга» төмөндөгүдөй түшүндүрмө берилет: «Баалуулуктар – булкурчап турган дүйнөнүн объектилеринин адам жана коом үчүн оң жана терс маанисин аныктоочу спецификалык социалдык аныктамалар» [1, 453-б.]

Антикалык, андан соң орто кылым философиясында баалуулук тиричиликтин өзү менен чогуу каралып, ал эми баалуулуктук мүнөздөмөлөр анын түшүнүктөрүнө кирген.

Баалуулуктар тиричиликтен айры каралган эмес, тиричиликтин өзүндө бар нерсе катары каралган. Ошол антикалык философияда эле баалуулуктун салыштырмалуу жана абсолюттук мүнөзүнө карата ар кандай көз караштар байкалат. Эгер Платондун ою боюнча эң жогорку баалуулуктар абсолюттук мүнөзгө ээ болсо, софистердин көз карашында баардык баалуулуктар индивидуалдуу жана салыштырмалуу делет.Бул алардын негизги тезисинен келип чыгат ал тезис төмөндөгүдөй: «адам өзү бардык нерсенин чен-өлчөмү». Баалуулуктарга дифференциялоо жолу менен кароо Аристотелдин философиясында камтылган, ал бир чети өз алдынча көз карандысыз баалуулуктарды же «өздүк баалуулуктарды» моюнга алат, аларга көпчүлүк учурда адам, бакыт, адилеттүүлүк ж.б.у.с. нерселер кирет. Муну менен катар ал көпчүлүк баалуулуктардын салыштырмалуу мүнөзгө ээ экендигин бекемдейт. Аын ою боюнча ар кандай нерселер ар кайсы жаш куракка жараша баалуу сезилет. Балдардын, улуу кишилердин, ак көңүлдүн, акылмандын ар биринин өзүнүн баалуу деген нерсеси бар. Ал эми дал ошол акылман, даанышмандык - «табияттагы нерселердин **эң эле баалууларын** акылдын күчү менен таанып билүү» болуп саналат.

Эгер баалуулуктун эң эле жалпы түшүндүрмөсүн айта турган болсок, анда баалуулук – бул чындыктагы фактылар менен кубулуштардын маданий, коомдук же жекелик маанисин көрсөтүүчү түшүнүк деп атоого болот.

«**Баалуулук –** бул кандайдыр бир нерсенин же кубулуштун адамдардын керектөөлөрүн же каалоолорун канааттандырган касиети. Адамдын баалуулук системасына жамандык жана жакшылык, бакыт жана бактысыздык, турмуштун максаты жана маңызы тууралуу түшүнүктөрү кирет. Мисалы, өмүр бул адамдагы эң башкы баалуулук. Адамдын башка адам менен болгон мамилесин кайталап баалоонун натыйжасында жеке адамдын гана эмес, бүтүндөй коомдун күнүмдүк турмушун жөнгө салган моралдык, диндик, укуктук ж.б. социалдык нормалар пайда болушат. Бул нормаларда баалуулукка караганда буйрук берүүчүлүк, милдеттендирүүчүлүк моменттери, кандайдыр бир жол аркылуу иш-аракеттерди аткаруу талаптары үстөмдүк кылат. Нормалар адам үчүн баалуу болуп эсептелген нерселерди анын практикалык жүрүш-турушу менен жакындаштырган каражат болуп саналат.» [2, 10-б.] дейт изилдөөчү.

Экинчи бир окумуштуу сөз болуп жаткан маселе тууралсында мындай ой бөлүшөт: «Мына ушундайча, адам коомдо тигил же бул конкреттүү коомго тийиштүү мыйзамдар, нормативдик актылар менен жашайт. Н.Бердяев өзүнүн «Азыркы учур дүйнөсөндөгү адам тагдыры» китебинде жазгандай, «адам эч качан тарыхта болуп жаткан процесстерден азыркы учурдагыдай коргоосуз болгон эмес жана эч качан мынчалык социалдашкан эмес» Ал «адам өзүнүн тибинин чектеринде жакшырып же жаман жагына кетиши мүнкүн, бирок бул жаңы адамды жаратпайт» [3, 54-б.] деп эсептейт окумуштуу.

Бул ойлордон кандай жыйындык чыгарууга болот. Демек баалуулуктарга жараша коом, коомго жараша баалуулуктар болот экен. Баалуулуктарды аныктап алып ага жараша жашай турган болсок анда анын социалдык мааниси, биздин жашообузда ойногон ролу чоң экендиги талашсыз. Бирок өткөөл учурда олку-солку болуп, баалуулуктарга бир беткей маани берилбей бир даарбыбыз эски коомдук көз караште, бирибиз дагы башка баалуулуктардын алдында, дагы бир даарыбыз белгисиздик менен кайдыгерлик ичинде бара жаткандай маанай калтырган көрүнүш, убакыттын өтүшү менен өз нугуна түшүп, жалпы бир дөөлөттөрдү туу туткан, бирдиктүү журтка айланаарбыз деген илгери үмүттү ойготот.

«Философия жана адабият» деген китептин автору Ж. Б. Бөкөшов философия менен көркөм сөздүн жакындыгын, алардын кийин гана ажырап өз бетинче болуп кеткенин айтып келип мындай дейт:

«Ой менен сөз бир болгон. Бекеринен, байыркы грек философиясынын – Европа мейкиндигиндеги алгачкы нукура теориялык курумдун-очогунда «логос» түшүнүгү

турган жок. Ал бир эле учурда «ой» дегенди да, «сөз» дегенди да туюнтат, экөө ажырагыс.» [4, 7-б.]

Аты аталган эмгекте илимпоз философия менен адабияттын байланышы жөнүндөгү оюн андан ары улап буларды билдирет:

«…философия менен адабияттын ортосунда өтмө-катар байланыш бар. Жөнөкөйлөтүп айтканда, «бизди курчап турган дүйнөнүн маани-маңызы эмнеде жана анда адам баласы кандай орун ээлеп турат» деген суроо философиялык ой-пикирдин чордонун түзөт. …адабиятыбыздын тарыхына арналган эмгектерге көңүл буруп көрсөк, бул багытта чын пейилден мактоого арзый турган эмгектер бирин-экин эле. Бул, айрыкча, Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы сөз козгошко арзый турганы баарыбызга маалым.»- [4, 174-б.] деген философтун аныктамасы менен баалуулуктардын адабиятта көркөм чагылдырылышына өтөбүз.

Улуу жазуучу Ч.Айтматовдун соңку романы болгон, учурдун курчуп бара жаткан социалдык-маданий, социалдык-руханиймаселелерин козгогон «Тоолор кулаганда» (Түбөлүк колукту) чыгармасынан жазуучуга мүнөздүү терең философиялуулукту дагы көрөбүз. Мында адамзатты кылымдардан бери ойлонтуп келген өлүм-өмүр, кокустук-тагдыр, руханий байлык – материалдык байлык сыяктуу адам жашоосунда мааниге ээ баалуулуктар көркөм чагылдырылат.

Романдын башкы идеясы дагы ошол баягы атам заманынан бери келе жаткан ак санатайлык менен кара санатайлыктын бүтпөгөн күрөшүн жаңы замандын, бүгүнкү күндүн көзү, жагдайы менен жаңыдан баяндоо, кайрадан эске салуу. Кандай гана өзгөрүүлөр болбосун, кандай гана жагдай болбосун адам боло билүү. Айкөлдүк кылуу, дөөлөттөрдү, баалуулуктарды жоготпоо сыяктуу маселелер турат.

Бул роман деле баягы сөздөрдөн тура, жаңы нерсе жок бекен деп адилетсиз сындоого болбойт. Себеби адамды анын пейили менен руханын оңобой, ага ак санатайлыктын үрөнүн сеппей туруп кандай саясий-экономикалык шартта жашабайлы, заманбап жашоого кол жеткизбейли, ааламдашпайлы баары бир жакшы жашоо, жаркын келечекти элестетүү кыйын болоору маалым.

Бүгүн биздин коомго кандай адам керек?

**Ал адамдын жашоодо баалаган, аздектеген, асылдык, баалуулук деп санаган нерсеси эмне?** Бул суроого Арсендин образы жооп бере алабы?

Коомубузга кандай сапаттарды алып жүргөн адам керек?Илим-билимдүү, интеллигент болуу, заманбап жашоого кадам таштаган б.а.дүйнөдөн кабары бар, дүйнөлүк өнүгүү шарына шайкеш келе алган, улутунун өзөгүнөн айрылбаган, анын баалуулуктарынан ажырап калбаган. (улутунун тарых-таржымалын, тилин билген, аларды баалай билген, өнүктүрүүгө аракеттенген, эл-жерин сүйгөн, салт-санаасын сыйлаган), ар-намыска бек, абийирдүү, адеп-ахлактык нормаларды сактаган инсан болуу жетиштүүбү?

**Арсен – акылдын, интеллекттин, идеянын символу.** Адамзат коомунда акыл, интеллект, идея адамча ой жүгүртүү аксап алдан тайганда ага көңүл бурулбай, бул касиет сапаттар бааланбай калганда руханият тоодой урай баштайт деген ой айтылып жаткан жокпу?! Арсендин интеллигент экендигине ашыкча далилдин деле кереги жок.Акыл – бул баалуулук деген ой турганы айтпаса да белгилүү.Романдын башында жазуучу бу каарманы менен окурманды тааныштырып жатып аны мындайча сүрөттөйт. «…кейстин ичинде өз убактысын күтүп, анын улуулугуна ишенген чыгарма – кол жазма, дудуктуктун туткуну болуп жатты. Бирок ал убакыт качан келет. …Ал кийим илгичтен чий калпагын алып, баягы эле олуттуу түрү менен аны башына кийди. Ал жайдыр-кыштыр чий калпак кийип жүргөндүжакшы көрөт» [5, 306-307-б.]

Бул каарманга берилген ысым да биз сөз кылып жаткан баалуулук жагдайына түздөн-түз байланыштуу болуп турат. Ар+Сен=Саман+Чин теңдемесинен турган бул аты-жөндүн аяк башына карасак баягы «-ов» уландысы жок тектин башкы бөлүгү буудайдын данын жыйып алгандан соң калган бөлүгү болгон «сары саман», «саман болуп сапырылган», «самандай баркы жок» дегенди туюнткан, экинчи бөлүгү дал ушул тегин, ит

бекер, наркы, баасы жок нерседен чин күткөн, «чини саман» даражасы, наамы саманга тете дегенди алдыртанда, ачык да билдирген ысым, баалуулук маселесине тикелей катышта болуп турганы таң калдырат. Бир улуттун ар-намысын, кадыр-баркын аркалаган илимдүү, билимдүү коомдун жигердүү жараны, атуул адамга жазуучу бекеринен Арсен деп ат бербеген чыгар. Улуттун «Ар-ы», «намысы» «Сен-сиң», бирок, сенин «Чин-иң» «Саман», баркың, баaң жок, сенин улут, эл жер үчүн кылганыңды баалаган киши жок деген ойдун тургандыгын катардагы окурман да көз жаздымда калтырбас.

Илимпоздордон, интеллигенциянын өкүлдөрүнөн айрылып калса бу калктын тагдыры эмне болот деген ой жазуучуда болгон, бул нерсе аны түйшөлткөн деп кесе айтууга болот. Албетте мындай маселенин аны ойлондурбай койушу мүнкүн эмес эле. Бир улуттун өнүгүп-өсүшү үчүн ал коомчулукта даанышман адамдардын болушу, алардын ойлору, көрсөтмөлөрү баалуу болору талашсыз.

Ал эми искусство өкүлү Айдана Самарованын прототибин атайылап издөөнүн деле кажети жок. Себеби, тойлордо, кечелерде артисттер ырдап, чоң искусствонун эмес акча төлөгөн кишинин суроо-талабына, табитине жараша ырларды аткарып жүргөнү көпчүлүккө маалым.

Таштанафгандын образы жөнүндө айта турган болсок, коомубузга мындай **жанкечтилик, башаламандыктын символу болгон Таштанафган** да эми бизге жат көрүнүш, бейтааныш каарман болбой калды. Турмуштун өзүнөн көрүнгөн, адамды барымталап акча талап кылуу сыятуу кылмыштар күн санап өсүп, анын артында эмне себеп тургандыгы, бул кылмышка түрткөн жагдайдын себеби дагы адамдын турмуштагы баалаган нерсесине келип такалары, руханий дөөлөттөр алмашкандагы адамдардын аң-сезими, ой-жүгүртүүлөрүндөгү өзгөрүүлөрдүн натыйжасы эмей эмине.

**Элес – бул биздин чет жерлерде жүргөн миңдеген мекендештерибиздин элеси.** Алардын үмүтү. Турмуштун айынан, жер кезип жумуш издеген атулдарыбыздын Элеси. Ч.Айтматовдун соңку мезгилдерде берген бир интервьюсунда айтылган экен: «Албетте, мен биринчи ушул байкаганым азыркы жаңы замандын маданиятын, билим-илимин алууга жетилип калганы, жаш муундар. Мурункуларга караганда информациянын, интернеттин таасири менен абдан жетилип калган. Аны менен катар абдан кейийм нары-бери өткөн сайын көчө менен. Темир жолдун боюнда чоң жол бар, ошо машина менен нары өтүп, бери өткөн сайын кейийм. Топураган жаштар отурушат ошол жерде, жол боюнда, дарактын түбүндө. Жапжаш, азыр абдан жетилип турган убагы. Кызматы жок, иши жок күтүп отурушат. Жүздөгөн, сан жетпейт. Күнүгө эртеден кечке чейин отурушат. Ушунун өзү абдан чоң маселе, чоң проблема. Мындан артык чоң проблема болууга мүнкүн эмес. Анткени булардын келечегин оңобосо, жардамдашпаса, анда элдин да өлкөнүн да турмушу абдан татаал, кыйын болот.» [6, 4-б.]

Бул романда Арсен менен Элестин жолугушуусу тегин нерсе эмес. Мында улуу акылда калчанган эл келечегинин ачкычы, кептелген кыйын абалдан чыгуунун жолу болголонгон. Анткени биздин оюбузча **Элес – бул чоң күчтүн, көпчүлүктүн, талыкпас эмгектин, мээнеттин символу.** Бул эмгекти, талыкпас аракетти Арсендеги акыл-интеллектти менен бириктирсек алардан түзүлгөн союз өнүгүүгө жол ачмак. Биздин оюбузча жазуучу социалдык-экономикалык маселеге да тынчсызданып, бул проблемалардын чечилиш жолдорун да издеп түйшөлгөн өңдөнөт. Эгер интеллигенцияны түп орду менен жок кылып албай, аны калк менен алардын таза мээнети, эмгеги, менен айкалыштырсак, акылдуу, даанышмандардын акылын, кебин, ойун, идеясын уксак, аны ишке, аракетке айлантсак Элес менен Арсен «Жаабарстардан колуңарды тарткыла!», «Тообуздан колуңарды тарткыла» - деп бир ооз, бир сөз болуп биригип аракеттенген сыяктуу натыйжалуу болор беле. Элестин Арсенди колдоп, анын идеясын жактап, макаласын жарыялоону өз колуна алышы да буга далил.

Жаш курактын, бир өлкөнүн жаштарынын жумушсуздуктан ар кай өлкөгө кетип, же жумуш күтүп убактысы менен жаштыгын текке кетирп жатышы да эң чоң баалуулуктан кол жууп калууну айтып тургандай.

«Жашоо адам тарабынан дайыма баалуулук катары кабыл алынгандыгын»[7, 217-б.]эске түшүрсөк анда, **өмүр – бул баа жеткис байлык, баалуулук экендиги талашсыз.** Ошол нерсени билип туруп, эркин журналист Арсен Саманчин айылдаштарын, агаларын, мамлекети менен улутун Эл аралык жаңжалдан сактоо үчүн өз жанын курман кылды. Ал чет өлкөлүк мергенчиликке келген туристтер менен аңчылык уюштурган жергиликтүү ишкерлердин жана туристтерди барымтага алып акча талап кылмакчы болгон Таштанафгандын тобунун арасында тилмеч болуп ал карасанатай максаттын ишке ашпашын камсыз кылам деп окко учту. Элеске берген сөзүнө туруугa аракет кылып тоо жаңырта «Барстардан колуңарды тарткыла» - деп жан алы калбай кыйкырды.

Каармандын бул аракетинен жаратылыштагы кайталангыс, аз сандагы жандыктарды сактоого болгон атуулдук аракетин байкайбыз. Бул адам өмүрү сыяктуу эле жаратылыштагы жандыктардын да өмүрү баалуу экендигинин далили. Табияттын эң чоң баалуулук экендигин көрсөткөн окуя.

**«Түбөлүк колукту»**Үй-бүлөлүк баалуулуктардын символу. Калктын каада-салт, үрп-адаттарынын, руханий баалуулуктардын көрсөткүчү. Адамдык баалуулуктардын, дөөлөттөрдүн казынасы. Бул уламышты жазуучу атайылап бүгүнкү күндүн чындыгына карама-каршы коюп, баш каарман Арсендин эски кейсинде жылдардан бери сакталып жарыкка чыкпай, сахналанбай келе жаткандыгын айтуу менен улуттук баалуулуктарга көңүл бурулбай жаткандыгын белгилеп отурат.

Романга тиркелген**«өлтүр, өлтүрбө»** аңгемеси замана менен жагдайга шылтоолоп, ага бар жоопкерчиликти жүктөй салып өзү акталып чыгып кетем деген менен болбостугун, өлбөстүк, түбөлүктүүлүк, тазалык, сүйүү, адеп, ар-намыс сыяктуу баалуулуктар бар экенин айгинелеп койду.

Ч.Айтматов бул романда кейипкерлердин ар биринин бул турмушта баалаган, барктаган, медер тутуп аздектеген нерселерине, алардын кыял-жоруктары менен мүнөздөрүнө, аң-сезимдерине жана **адамдык адеп-ахлак**, абийирине жараша маселени алардын көз карашынан алып чечкен.

Ч.Айтматовдун «Тоолор кулаганда» (Түбөлүк колукту) романында баалуулуктардын көркөм чагылдырылышын иликтеп көрүп анын коомдогу социалдык-маданий, аксиологиялык-руханий өзгөрүүлөр менен тыгыз байланыштуу экендигин байкадык. **Материалдык** байлык менен **руханий** байлыктын, түбөлүктүүлүк менен аз күнчүлүктүн, улуттук менен чет элдиктин, адамкерчилик менен рухий кыйроонун арасындагы келишпестикти терең философиялуу ой толгоо менен так ошол биз сөз кылып жаткан баалуулук түшүнүгүнүн чени менен чечкендигине ынандык.

**Адабияттар:**


1. Философский словарь. Под. Ред. М.М. Розенталя. – М.: 1972. 496с.
2. Философиянын тарыхы. Биринчи китеп. Байыркы философия. Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы. Г.К.Аалиева, Н.К.Аалиева, Ш.К.Аалиева. – Б.:КМУУ, 2002. – 228б.
3. Иманкожоев Т.А. Социалдык Философия: Ж.Баласагын атын. КУУнун гуманитар. Студ. үчүн окуу куралы. – Б.: 2008. – 104 б.
4. Бөкөшов Ж.Б. Философия жана адабият. – Жалал – Абад: 2002. – 191 б.
5. Айтматов Ч. Чыгармаларынын жыйнагы 6-том. Романдар/Түз. Абдылдажан Акматалиев. – Б.: Бийиктик, 2008. 512б.
6. Улуттук идея: Кыргыз тили жана кыргыз адабияты. – Б.: «ЧП Абыкеев А.», 2013. – 200 б.
7. Введение в философию. Учебник для высших учебных заведений.2 том. – М.: Политиздат, 1989.
8. ABBYY. Lingvo.x3